***DOI:10.26104/NNTIK.2023.11.53.055***

*Токпаева З.Т.*

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОСМОЛОГИЯЛЫК ДҮЙНӨ ТААНЫМДАРЫНЫН ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ӨЗӨКТӨРҮ

*Токпаева З.Т.*

# ФИЛОСОФСКИЕ ОСНОВЫ КОСМОЛОГИЧЕСКИХ МИРОПОНИМАНИЙ ДРЕВНЕГО КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*Z. Tokpaeva*

# THE PHILOSOPHICAL FOUNDATIONS OF COSMOLOGICAL WORLD VIEWS OF THE ANCIENT KYRGYZ PEOPLE

*УДК: 101.*

*Бул макалада Кыргыз элинин байыркы космологиялык дүйнө таанымынын философиялык өзөктөрү жөнүндө баяндалат. Көчмөн калктардын (кыргыздардын) дүйнө кабыл алуусунда Жер Жүзү, Көк Асман, Аалам өзүнөн өзү жаралган деген түшүнүк орун алган. Кыргыз элинин нечендир бир кылымдарды камтыган тарыхый фольклордук эмгек ыкмалары жаратылыш менен тыгыз байланышта экендигин далилдейт. Байыркы кыргыздардын философиялык ой жүгүртүүсүндө адамдар жан жаныбарлар, Көк асман табият менен бирдикте тең укуктуубуз деген дүйнө таанымды карманышкан. Байыртадан бери эле көк асмандагы жылдыздарды, өзүнчө атап, алардын ордун болжоп чарбалык иштерин жүргүзүшүп, топтолгон практикалык маалыматарын кийинки муунга өткөрүп, каатал табигый кырсыктарга моюн сунбай жашап келишкен. Демек, кыргыз элинин дүйнө таануусунун тарыхый-философиялык генезисинде элдик оозеки чыгармачылыктын эң алгачкы башталыштары, уламыштар, жөө жомоктор, санжыралар, накыл сөздөр, макал-лакаптар негиз болгондугу айтылат.*

***Негизги сөздөр:*** *космология, дүйнө тааным, жаратылыш, аалам, мейкиндик, асман, жылдыз, планета, тело.*

*В рамках данной статьи мы попытались проанализировать основы космологических миропониманий древнетюркских народов и в том числе древнекыргызского народа. В основе истории, мировосприятии древнекыргызского народа из покон веков сохранились традиции, обычаи и они непосредственно отразились в основе космологических миропониманий этих народов. Следовательно, в генезисе философии древнетюркских и в том числе древних кыргызов заложены основы мифологии, легенды, пословицы и поговорки. Концепция мира отрывка кочевого народа (в том числе кыргызов), голубое небо, синее небо, доказывает, что один многовековые исторические и трудовые методы, которые содержат века. Люди на земле были на мировом знании древних кыргызов, голубого неба, и тяжелого свидетельства на следующий месяц, и развивают их место жизни, жить в непослушании к неповиновению.*

***Ключевые слова:*** *космология, миропонимания, природа, вселенная, пространство, небо, звезда, планета, тело.*

*In this article, we have tried to analyze the basics of cosmological world views of the ancient Turkic peoples, including the ancient Kyrgyz people. The traditions and customs of the ancient Kyrgyz people have been preserved from time immemorial, and they are directly reflected in the basis of cosmological world views of these peoples. Consequently, the Genesis of the philosophy of the ancient Turkic and including the ancient Kyrgyz laid the foundations of mythology, legends, Proverbs and sayings. The Kyrgyz concept of the world of a fragment of a nomadic people (including Kyrgyz), blue sky, blue sky, proves that one has centuries-old historical fleskuer and labor methods that contain centuries. People on earth have been on the world knowledge of the ancient Kyrgyz, the blue sky, and the heavy testimony for the next month, and develop their place of life, live in disobedience to disobedience*

***Key words:*** *cosmology, worldview, nature, universe, area, sky, star, planet, body.*

Кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхында эбегейсиз көп каада-салттар, элдин эс тутумунда сакталып кала берген, турмушта болгон, орун алган бай тажрыйбалар түздөн-түз улуттун дүйнө таануусунун калыптанышына негиз болгон. Демек, кыргыз элинин дүйнө таануусунун тарыхый-философиялык генезисинде (келип чыгуусунда жана пайда болуусунда) элдик оозеки чыгармачылыктын эң алгачкы башталыштары, же байыртадан бери келе жаткан уламыштар, жөө жомоктор, санжыралар, накыл сөздөр, макал-лакаптар негиз болгон.

Кыргыз элинин исламга динине чейинки дүйнө таануусундагы космологиялык идеялар: көчмөндөрдүн башынан байыркы учурдан баштап эле асман (аалам) мейкиндигине байланыштуу болгон «Адегенде көк асман жаралып анын астында күрөң (бурый) жер, ал экөөнүн ортосунда адам балдары жаратылган» [1].

Байыркы түрк маданиятынын руна сымал ташка чегилген жазууларында «Асман», «Көк Асман», Теңир эң жогорку бийикте туруп, адамдардын тагдырын чечип, таасирин тийгизип турган дегенде түшүнүтү туюндурган. Аалам, Күн, Ай, Асмандагы жылдыздар, андан кийин адам жаралган. Демек, айлана-чөйрөнүн, жаратылыштын касиети зор болгон. Теңир эң күчтүү кудай адам баласын колдоп, коргоп турган өзгөчо күч болуп турган сымал.

Бардык эле көчмөндөрдүн турмушунда үй мал жаныбарлары менен бирге жапайы жаныбарлар эң негизги ролду ойногон. Ошол эле учурда көчмөндөрдүн ой жүгүртүүсүндө, күндөлүк турмушта Күн негизги орунду ээлеген.

Байыркы көчмөндөр, тагыраак айтканда азыркы Кыргызстандын территориясындагы Саймалуу-Таш жаратылыш сүрөт галереясында көбүн эсе Күндун

ташка чегилген образдары көп кездешет. Маселен: Күндүн 18 нуру чегилген [2]. Күндөлүк окуяларга, жашоо турмушка арналган сүрөттөрдө Күндүн образынын берилиши байыркы көчмөндөрдүн дүйнө кабыл алуусунда адамдардын турмушунда Күндүн адамдарга тийгизген күчү чагылдырылган. Ташка чегилген сүрөттөрдө Күн менен адамдардын байланышы (алакасы), Күндүн үстөмдүгү көрүнүп турат. Мал багып күндөлүк жашоосун өткөргөн көчмөндөрдө жаныбарлар да Күндүн сүрөтү менен берилген. Көчмөн элдердин (уруулардын) рухий турмушунда Күндүн ээлеген ордун Саймалуу-Таш сүрөт галереясы кеңири маалымат берип жатат.

Байыркы көчмөн түрк тектуу маданиятынын анын ичинде кыргыз элининин ой жүгүртүүсүндө Күн, Ай, Жылдыздар, Көк асманда туруп жердеги адамдардын жашоосуна, иштерине таасирин тийгизип турат деген дүйнө таанымды карманышкан.

Байыркы мезгилдерден бери эле кыргыз маданиятында Көк асмандагы жылдыздарды өзүнчө атап, алардын көктөгү ордун болжоп чарбалык иштертин жүргүзүшкөн. Илгертен бери эле топтолгон практикалык маалыматтар муундан - муунга өткөрүлүп турган [3]. Андан тышкары байыркы кыргыздардын дүйнө кабыл алуусунда эки өзгөчөлүк дагы болгон: биринчиден жаратылыштагы кубулуштарды жакшы аңдап билишкен, экинчиден ал маалыматтарда кеңири түрдө практикалык жашоо-чарбасында колдоногон [3]. Байыркы кыргыз жашоо-турмуш маданиятында ар бир жылдызга өзүнө кана тиешелүү атаган ысымдар менен белгилеген. Мисалы: «Алтын казык», «Ак жылдыз», «Жарык жылдыз», «Эшек кырган», «Кара күч», «Кербен саба», «Үркөр» жана башкалар. Байыркы кыргыздардын космогониялык түшүнүктөрү жана элестөөлөрү айрым мифологиялык ой- жүгүртүүлөрү жаратылыш менен түздөн-түз байланышкан [3]. Тактап айтканда кыргыз элдик оозеки казынасында сакталып келе жаткан космогониялык түшүнүктөрү бар мифтердин иретинде: «Ак сары ат, көк сары ат», «Тоотай мерген жана үч аркар», «Үркөрдун кызы Үлпүлдөк сулуу» турат деген ой - толгоолор космологиялык дүйно тааным деп толук айтууга болот. Бул мифтердин тексттеринде байыркы адамдар, жаныбарлар асманга чыгып, ал жерден жылдыздарга айланып, алгач асмандагы турмуш менен да тыгыз байланыштары бар экени чагылдырган ой-толгоолор менен берилет. Демек, космогониялык мифтерде байыркы кыргыздардын мал бакканы, мергенчилик менен да жашоосун өткөргөнү, кыргыз элинин байыркы мезгилден бери көчмөн турмуш, жашоо-шарттары менен жан сактап келе жатса да оозеки чыгармачылыгы мазмундуу, кызыктуу сюжеттерге бай экендиги көрүнүп турат дагы ал, ой-толгоолор муундан-муунга оозеки түрдө берлилип келген. Ошентип, байыркы мезгилде эле көчмөн кыргыздар өздөрүн Ааламдан, дүйнө түзүлүшүнөн, жаратылган дүйнөдөн бөлүшкөн эмес.

Орто кылымда (XIV кылымда) жазылган «Аджанб Ал Булдан Бирджани» деген чыгармада кыргыздардын космогониялык түшүнүктөрү жөнүндө төмөнкүдөй айтылат: «Хыркызы – один народ из тюрков… поклоняются Сатурну и Венере. Марс считают зловещей планетой» [4].

Кыргыз эли исламды кабыл алгандан кийинки мезгилде деле «Асман», «Аалам», жылдыздар тууралуу түшүнүктөрү туруктуу түрдө күндөлүк турмушта пайдаланылып турган. Жыйынтактап айтканда, Күн, Ай, көпчүлүк жылдыздар (Чолпон, Чоң жетиген, Кут жылдыз жана башкалар элдик оозеки фольклордо илгертен бери эле пайдаланып келген. Аларды ырларга кошуп, табышмак айтып келишкен.

Байыркы кыргыздардын дүйнө таануусунда жылдыздар жердеги адамдардын тагдырына түздөн - түз таасирин тийгизип турат деп ойлошкон [5]. Байыркы кыргыздар жаратылыштын мыйзамдарына жеткиликтүү илимий баа бере албаса да Күн, Ай, Жылдыздарды оozдорунан түшүргөн эмес. Жылдызы жарык, жылдыздуу киши, бата бергенде: «Өмүрүң узун болсун, Жылдызын бекем болсун» деп айтышкан [6].

Кыргыздын эң көрүнүктүү акындарынын бири Барпы Алыкулов жаратылышта Күндун мааниси тууралуу:

Суукту айдан, ысытып
Суунган боюн кызытып,
Күйүп турган – чыккан күн,
Кыш чилдеде бушман күн,
Жаш чилдеде душман күн» [7, 8].

Байыркы кыргыздардын күнүмдүк жашоосу – көчмөндүүлүк турмушу жана көп учурларда мергенчилик менен өткөргөндөн кийин ой жүгүртүүлөрү, ишенимдери, көз караштары Ааламдагы Күн, Ай, Жылдыздарга тиешелүү табияттын мыйзам ченемдүү кубулуштарына байланыштуу болгон. Ал кубулуштар менен болгон уламыштар, легендалар байыркы адамдын аң-сезимине зор тассирин көрсөткөн. Кыргыздардын космогониялык татаал түшүнүктөрү муундан-муунга берилип, өзүнчө татаал курамды түзүп, ислам динин кабыл алгандан кийин да туруктуу сакталып кала берген, азыркы тапта дагы кыргыз элинин аң-сезиминде орун алып келет [9].

Асман мейкиндигиндеги планеталарды сыйкырдуу күч, дух катары эсептеп, аларга сыйынышкандагы жана «табигый көрүнүштөрдү архаикалык акыл-ойдун синкретикалык деңгээли менен кабылдоолору, башкача айтканда, этнологиялык жагдайын кыялай түшүндүрүүсүн көп бир кыйла кызыктуу фактылар сакталып калган» [10]. Жаратылыш менен тыгыз айкалышта жашап, жаратылышты коргоп, жаратылышты сыйлап, коргоп айрыкча бир мамиле кылгандыктан эл катары сакталып, онүгүп келет десек болот.

Байыркы кыргыздардын космогониялык ишенимдери түрк тилдүү (Верхоян, Вилюй, Лена, Борбордук Якуттар, Качиндер, Алтайлыктар, Хакастар, Кызылдар, Шорлор, Туфалар, Кумалиндир, Тувалыктар, Теленгиттер) өңдөнгөн элдердин космологиялык дүйнө таанымына өтө окшош, тектеш болгон. Ал элдерде дагы «Ай», «Күн», «Жылдыздар», «Чоң Жетиген» жана «Кичи Жетиген», Асманга жети түлкүнү кууп отуруп чыгып кеткен мергенчи тууралуу мифтер сакталып калган, алардын айырмасы анча деле чоң болгон эмес [11].

А.Н. Алексеев мындай окшоштуктар түрк тилдүү элдердин түпкү ата бабалары жалпы (бир) болгондугу менен түшүндүрүлөт [8]. Түрк тилдүү Сибирь элдеринин жана кыргыз элинин космогониялык мифтеринин, дүйнө таанымдарынын айырмасы деле жок экендигин К. Байжигитов да баса белгилейт. Түрк тилдүү Сибирь элдерин кыялын элестөөлөрү, ишенимдери, көз караштары байыркы кыргыз элиндеги жомоктордо да орун алгандыгын белгилет [9]. Кыргыз элинин жоо жомокторунда айтылгандай: адам канчалык жаратылышка аяр мамиле кылса, адамга жаратылыш ошончолук мээримин тогот, элдин жашоосу бейпил өтөт. Сибирь элдеринде да ушундай түшүнүктөр азыркыга чейин сакталып келет.

Түрк тилдүү Сибирь элдеринде мифтер, ишенимдер, ырым-жырымдар, шамандар жана жалпы эле элдин катышуусу менен коштоосу менен өткөрүлгөн ритуалдуулукка айланган. Жалпылап айткада байыркы заманда учу кыйры жок талааларда, асман тиреген тоолордо көчмөндөр тутунган диний ишенимдер, ырым-жырымдар таза, тунук болгон. Алар диний ишенимдер, ырым-жырымдар адамдардын түздөнтүз, бетме-бет болгон мамилесинен пайда болгондуктан көчмөндөрдүн рухий байлыктарынын бир бөлүгү катары болгон. Ал рухий байлыктар кадимки турмуштан, жашоодон пайда болгон. Байыркы көчмөн кыргыздар ишенимдерин өздөрүнүн оор, татаал жашоосунун маңызы катары билишкен. Көчмөн коомдо эч кандай таптык карама – каршылык, байлыкты топтоого умтулуу, мансап үчүн күрөш жок болгондуктан калктын аң-сезиминде муундан-муунга өтүп келе жаткан каада-салттар, нарк-насилдер барып эле ишенимдердин, баалуулуктардын негизинде калыптанган.

Борбордук Азиянын чексиз талааларын мекендеген байыркы көчмөндөрдүн рухий маданиятынын түп тамыры бирдей, ошол эле учурда ар тараптуу болгон. Көчмөндөр жаратылыштын алааматтары менен күн сайын жолугушуп тургандандыктан өздөрүнүн табигаттан айырмалаган эмес. Ошондуктан жаратылышка, жапайы жаныбарларга да, колундагы малга, сууга да, чөпкө да аяр мамиле кылышкан.

Жаратылыштын кубулуштарын түшүндүрүү процесстери илимий жактан толук, ар тараптуу боло албагандыктан, бардык эле көчмөн уруулардын каада-салты, ой жүгүртүүсү бирдей деңгээлде болгон. Борбордук Азиянын талааларын мекендеген түрк уруулары кана эмес Улуу Кытай мамлекети да Теңирчиликти – Асманды - (Тянь) - жогорку кудайы катары кабыл алып, миңдеген жылдар бою сыйынып келген. Көчмөн элдерде теңирчилик эң улуу ишеним катарында башка ишенимдер менен толукташып, айкалышып пайдаланылып келген. Улуу Кытайда (отурукташкан) Тянь – Көк Асманды эң жогорку деңгээлде космос катары даңазалашкан. Кытайлар өздөрүнүн өлкөсүн асман алдындагы сулале (империя) деп аташкан.

Кылымдар бою калыптанган ишенимдерге, ырым-жырымдарга, нарк- насилдерге туруктуу түрдө айланып, калыптанып, көчмөндөрдүн эң алгачк ыйык, кереметүү дүйнө караштарын философиялык катарын түзгөн. Борбордук Азияда бардык мезгилде жашаган уруулардын, уруктардын аң-сезиминде бирдей болуп калыптанып күнүмдүк жашоосундагы көз карашы отурукташкан элдерге чоң таасирин тийгизген. Күнүмдүк турмушта, жашоодо болуп жаткан окуяларга табигаттын кубулуштарына реалдуу көз караш менен мамиле кылып, адамдардын, жаратылыштын үстүнөн караган кандайдыр бир кереметтүү күчтөр бар экендигин сезишкен.

**Адабияттар**:


1. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. - Москва: Изд. Академии наук СССР. - 1951. - 36-б.
2. Помаскина Г.А. Когда боги были на Земле. - Ф., 1976. 25-б.
3. Байбосунов А. До научного представления киргизов о природе. - Фрунзе 1980-ж. 38-б.
4. Материалы по истории Киргизов и Киргизии. - Москва: Издательство «Наука», 1973. - 171-б.
5. Эсен уулу Кылыч Древние кыргызы в Средней Азии. - Бишкек, 1993. - 40-б.
6. Мукасов Ы.М. Философская мысль в контексте развития Кыргызской ллитературы. - Бишкек: «Илим» 2010. - 74-б.
7. Барпы. Чыгармалардын бир томдук жыйнагы. - Фрунзе: «Илим», 1985. - 33-б.
8. Алексеев А.Н. Ранние формы религии тюркоязычных народов Сибири. – Новосибирск: Наука, 1980. - 86-87-бб.
9. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары. // «Илим» басмасы. - Фрунзе, 1985. - 35-б.
10. Айтматов Ч., Шаханов М. Плач охотника нал пропастью века. (Исповедь на исходе века). // Алматы: Рауан, 1966. - 44-б.
11. Токарев С.А. Религии в истории народов мира. – Москва: Изд. политической литературы, 1976. - 340-б.